Сага

Алыстан келсем сага кусаланып,

Айылымдан кетиптирсиң узап алыс.

Арнаган гүлдүн сага бариктери,

Алдымда турду түшүп ушаланып.

Кайырма:

Жомоктогу сүйүүнү пайдаланып,

Жоругуңду жазчу элем айдан алып.

Жол боюнда ыйлаарың билбептирмин,

Жоолугуңду кыйшайтып байлап алып.

Артыңдан барсам издеп кабар алып,

Алдымдан чыктың капыс балаңды алып.

Аттиң, ай, ушак ээрчип калбасын деп,

Амандык сурашканга жарабадык.

Кайырма:

Жол жок эми өзүмдү куткарууга,

Жакшы болбойт турмушуң бузганымда.

Жооткотуп өзүмдү койдум алдап,

Жолдошуңду жакшы деп укканымда.

Кайырма: